Кой десем коюп каласың
Не десем тилим аласың
Азыр сен мага эне эмес
Жол карап турган баласың
А бирок бала катары
Ойго алып канча жашаарың
Бапестей албай жүрөмүн
Балдардын чыгып начары
Жумушту коё тура албай
Жанында жакын жүрө албай
Өзүмдү алдап коёмун
Кез кезде бирден ыр арнай
Алыстан ырын арнаган
Жанында жүрө албаган
Кызыңа көңүл бөксөөдүр
Түйшүктүү тагдыр тандаган
Кетпечү болдуң түшүмдөн
Өзүмчө жооруп түшүнөм
Баладай болгон садагам
Таарынсаң керек ичиңден
Сабындай жакшы жаңы ырды
н Сакадай бойлуу сабырдуум
Санааңдан кетпей жүрөмүн
Сагындың билем сагындың
Сагындым мен да сагындым